КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын III-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 18-апрелиндеги № 22** **Барскоон айылы**

**2024-жылга Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү, 2025-2026-жылдардын долбоорун жана 2023-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө**

2024-жылга Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү, 2025-2026-жылдарга долбоорун жана 2023-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө Барскоон айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Иманкуловдун кошумча маалыматтын угуп талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги II- сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы бекитилсин.

**2.** 2024-жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнө келип түшкөн кирешелер жана чыгашалар № 1 тиркемеге ылайык 76759,2 миң сом, атайын каражат 3856,3 миң сом, баардыгы 80615,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**3.** Жергиликтүү бюджеттен 2024-жылга келип түшүүчү кирешелердин көлөмү № 2-тиркемеге ылайык 80615,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**4.** 2025-жылга бюджеттик долбоору № 3-тиркемеге ылайык 83942,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**5.** 2026-жылга бюджеттин долбоору № 4 тиркемеге ылайык 88507,6 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**6.** Жергиликтүү бюджетке 2024-жылга жайыт акысынан келип түшүүчү киреше жана чыгашалар 300,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

7. 2024-жылы өзгөчө кырдаалдар учуруна каралган бюджеттин 900,0 миң сомдон пайдаланылбай калса башка беренелерге жумшалсын.

**8.** Спорт оюндарына 1320,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**9.** Айылдык кеңештин төрагасынын эмгек акысы жыл ичинде өткөргөн он алты сессияга 6500 сом жана социалдык камсыздандыруу фондусуна 1121 сом өлчөмүндө бекитилсин.

**10.** Жергиликтүү бюджетке киреше салыгы боюнча нормативдик чегерүүлөрдүн 85 пайыз өлчөмү айыл аймактарына калтыргандыктан менчиктин баардык түрлөрүндөгү ишканалардан, уюмдардын пайдасынан, атуулдардын кирешелеринен, юридикалык тараптардын алынуучу жер салыктардан, жерди кайра бөлүштүрүү фондусунан алынуучу ижара акыдан, юстиция органдары тарабынан алынуучу мамлекеттик пошлинадан жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү № 1 тиркемеде көрсөтүлсүн.

**11.** 2023-жылдан калган карыздар 2024-жылдын бюджетинен чектелген чыгымдардын эсебинен жабылсын.

**12.** Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгымдардын иш чаралары толук өз багытында, акча каражаты 100,0 миң сомдон жогору болсо айыл аймактын айыл кеңешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**13.** 2024-жылдын бюджетине түшкөн кирешелер биринчи кезекте корголгон беренелерди каржылоого жумшалсын.

**14.** Айыл өкмөтүнүн башчысынын резервдик фондусу 1167,3 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**15.** Жергиликтүү бюджетке келип түшкөн атайын каражаттарын казынадан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын, казынадан тышкары пайдаланылган каражаттар болсо тиешелүү деңгээлде өндүрүлүп бюджетке алынышы айыл өкмөтүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**16.** Каржы Министрлигинен жыл ичинде бекитилген «Байчечекей», “Орумбаев” атындагы, “Барскоон” жана «Бугу Эне» мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемелеринин тамак-аш чыгымдарына атайын каражаттан 3856,3 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бекитилсин.

**17.** 2024-жылга бекитилген бюджеттин чыгымдар бөлүгү жыл ичинде муктаждыктарга карата кварталдан кварталга, статьядан статьяга, классификациядан классификацияга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен которууга мүмкүндүк берилсин.

**18.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жана депутаттардын бюджеттик туруктуу комиссинын төрагасына жүктөлсүн.

**19.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

**20.**Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге жана финансы-экономикалык бюджеттик туруктуу комиссиянын төрагаларына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -2 нуска, төрага – 1 нуска, райондук финансы башкармалыгына – 1, баардыгы – 7 нуска